*Долбоор*

**Ош мамлекеттик университетинин "Кесиптик бирлиги" жөнүндө ички ЖОБОСУ**

**Жалпы жоболор**

1. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын “Кесиптик бирликтер жөнүндө” Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине, Кыргыз Республикасынын билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Уставына ылайык, баштапкы кесиптик бирлик факультеттердин, колледждердин жана башка структураларынын өз мүчөлөрүнүн эмгектик, кесиптик, экономикалык жана социалдык укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо үчүн жарандарды ыктыярдуу бириктирип турат.

2. Ош мамлекеттик университетинде баштапкы кесиптик бирлик уюмун түзүү үчүн 5 кызматкердин болушу жетиштүү. Баштапкы кесиптик бирлик уюмун түзүү кызматкерлердин жалпы жамааттык чогулушунун токтому менен тастыкталат, анын көчүрмөсү ОшМУнун бириккен кесиптик бирлигине жөнөтүлөт.

3. ОшМУнун факультеттеринин, колледжеринин жана башка структураларынан өз алдынча кесиптик бирлик уюмдары түзүлүшү мүмкүн: профессордук-окутуучулар курамынан, кызматкерлеринен ошондой эле студенттерден түзүлгөн баштапкы кесиптик бирлик уюму, ОшМУнун бириккен кесиптик бирлигинин ушул Жобосуна ылайык түзүлөт.

4. ОшМУнун факультеттеринин, колледжеринин жана башка структуралардын кызматкерлеринин кесиптик бирлигин (кесиптик бирлик бюросун) жана студенттеринин топторун (кесиптик бирлик тобун) түзүү, алардын курамын жамааттын чогулушу тарабынан кабыл алынган токтомдору, чечимдери менен бекитилет.

5. ОшМУнун бириккен кесиптик бирлигинин түзүмүнүн өзгөчөлөнгөн бөлүмдөрүнөн сырткары жана Жобонун ушул бөлүгүндөгү үчүнчү пунктта каралган учурлардан башка учурларда эки, же андан көп баштапкы кесиптик бирлик уюмдарын түзүүгө жол берилбейт.

**Укуктук статусу**

6. ОшМУнун факультеттеринин, колледжеринин жана башка структуралардын кызматкерлеринин кесиптик бирлиги (кесиптик бирлик бюросун) жана студенттеринин топтору (кесиптик бирлик тобу) ОшМУнун бириккен кесиптик бирлик курамынын түзүмү болуп саналат.

7. ОшМУнун бириккен кесиптик бирлиги өз ишмердигинде жумуш берүүчүгө, мамлекеттик органдарга жана саясий партияларга көз каранды эмес, аларга отчеттуу эмес жана алар тарабынан текшерилбейт, алар менен алакаларын бирдей укуктук шарттарда кызматташтыктын жана социалдык өнөктөштүктүн принциптеринде түзөт.

8. ОшМУнун бириккен кесиптик бирлиги өз ишмердигин Кыргыз Республикасынын “Кесиптик бирликтер жөнүндө” Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине, Кыргыз Республикасынын билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Уставына жана ушул Жобого ылайык жүргүзөт. Ал өз уюмунун чогулушуна (конференцияга) жана кесиптик бирликтин жогорку тиешелүү бирикмесине баш ийет.

9. ОшМУнун бириккен кесиптик бирлиги Кыргыз Республикасынын билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Уставында жана ушул ички Жободо каралган кесиптик бирлик мүчөлөрүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын жүзөгө ашырууну камсыз кылат.

10. ОшМУнун бириккен кесиптик бирлиги чогулуштарында (конференциясында) шайланышкан өзүнүн кесиптик бирлик курамына жана президумуна ээ болот.

11. ОшМУнун факультеттеринин, колледжеринин жана башка структуралардын кызматкерлеринин курамында (кесиптик бирлик бюросунда) жана студенттеринин топторунда (кесиптик бирлик тобунда) кесиптик бирлик мүчөлөрүнүн саны 15 тен ашкан учурда кесиптик бюронун төрагасы/төрайымы шайланат. Алар ОшМУнун бириккен кесиптик бирлик мүчөлөрү болуп саналышат.

13. ОшМУнун бириккен кесиптик бирлигинин жыйындары алардын ишине комитеттин мүчөлөрүнүн жарымынан көбү катышкан болсо мыйзамдуу деп саналат.

14. Зарыл болгон кворум болбогон учурда кесиптик бирлик комитетинин кабыл алган токтому жараксыз деп эсептелинет.

15. Бардык маселелер боюнча ОшМУнун бириккен кесиптик бирлигинин токтому жана чечими анын жыйынына катышкан комитеттин мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

16. ОшМУнун бириккен кесиптик бирлигинин төрагасы зарыл болгон учурда жеке чечим кабыл алат.

**ОшМУнун Кесиптик бирлигинин төрагасын шайлоо тартиби**

17. Ош мамлекеттик университетинин Кесиптик бирлиги төрагасын шайлоону уюштуруп, өткөрүү тартибин аныктайт.

18. ОшМУда кесиптик бирлик төрагасы кызматы шайлануучу кызмат болуп эсептелет. Кесиптик бирлик төрагасы конкурстук негизде ОшМУнун кесиптик бирлик мүчөлөрүнүн делегаттарынын кезектеги, же кезексиз чогулушунда (конференциясында) жабык добуш берүү менен (бюллетень аркылуу) 5 (беш) жылдык мөөнөткө шайланат.

19. ОшМУнун бириккен кесиптик бирлик төрагасы эки мөөнөттөн ашык шайлана албайт.

20. ОшМУнун бириккен кесиптик бирлигинин жогорку органы болуп кесиптик бирликтин чогулушу (конференциясы) саналат, ал президиум тарабынан бекитилген регламентке ылайык өткөрүлөт.

21. Чогулуш (конференция) эгер анын ишине кесиптик бирликтин структуралык курамдарынан шайланып келген делегаттардын үчтөн экисинен кем эмеси катышкан шартта мыйзамдуу деп саналат.

22. Чогулуштун (конференциянын) чечими чогулушка (конференцияга) катышкан кесиптик бирлик мүчөлөрүнүн 50 пайыздан ашыгы добуш берген шартта кабыл алынды деп табылат.

23. Чогулушка (конференцияга) делегаттардын саны ОшМУнун профессорлор, окутуучулар курамы жана көмөкчү кызматкерлер үчүн 15 адамга 1 жана студенттер үчүн 200 адамга 1 делегат, мындан сырткары, мүчөлөрүнүн саны 15 ке жетпеген түзүмдүк бөлүмдөрүнөн (лицей, мектеп, бала-бакча, клиника, профилактория ж.б.) бирден деп белгиленет.

**Эскертүү:** студенттеринин саны 300 жетпеген айрым факультеттерден, колледждерден ж.б. түзүмдөрдөн 1 студент делегат болуп шайланат.

24. Делегаттардын тизмеси шайлоо күнүнө 3 күн калганда расмий жарыяланат жана талапкерлер менен тааныштырылып, көрүнүктүү жерге илинет.

25. Административдик-чарба департаментинин кызматкерлеринен (комендант, кароолчу, вахтер, жууп тазалоочу, кампачы ж.б.) 20 адамга 1 делегат шайланат.

26. ОшМУда кесиптик бирликтин төрагасы кызмат ордуна КРнын жараны болуп эсептелген ОшМУнун кесиптик бирлик уюмунун ар бир мүчөсү **(**профессорлор, окутуучулар курамынан**,** көмөкчү кызматкерлер, студенттер) талапкер болууга укуктуу.

27. ОшМУда административдик кызматты ээлеген адам кесиптик бирлик комитетинин төрагасы/төрайымы болуп шайлана албайт.

28. ОшМУда кесиптик бирлик төрагасы кызматына шайлоону даярдоо уюштуруу комитети тарабынан ишке ашырылат. Уюштуруу комитети (курамы 5-7 адам) ОшМУнун кесиптик бирлик комитетинин жыйынында бекитилет. Уюштуруу комитетинин төрагасы жана катчысы уюштуруу комитетинин жыйынында аталган комитеттин мүчөлөрүнүн арасынан бекитилет. Уюштуруу комитетинин мүчөлөрү кесиптик бирлик төрагасы кызматына шайлануу үчүн талапкер боло албайт.

29. Ош МУда кесиптик бирлик төрагасы кызматына талапкерлерди көрсөтүү түзүмдүк бөлүмдөр тарабынан, же өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде жүргүзүлөт.

30. Кесиптик бирлик төрагасы кызматына талапкерлерди көрсөтүү жана каттоо мөөнөтү ОшМУнун расмий сайтына жарыяланат.

31.Талапкерлерди каттоо шайлоо белгиленген күнгө үч күн калганга (убакка) чейин жүргүзүлүп, саат 17:00 дө токтойт.

32. Кесиптик бирлик төрагасы кызматына талапкерлерди каттоо үчүн уюштуруу комитетине төмөнкү документтер берилет:

- ЖОЖдун окуу жана түзүмдүк бөлүмдөрүнүн кесиптик бирликтин төрагалык кызматына талапкерди көрсөтүү жөнүндө чечими;
- кесиптик бирликтин төрагалык кызматына талапкердин өзүнүн арызы (*өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде катталган талапкерлер үчүн*);
- талапкердин фамилиясы, аты, атасынын аты, иштеген жери, ээлеген кызматы жана биографиялык маалыматтар;

33. Талапкерлердин аты-жөнү шайлоо бюллетендеринде алфавиттик тартипте жайгаштырылат.
34. Эгерде жалпы жыйналышта добуш берүү бир, же эки талапкер боюнча өткөрүлсө жана талапкерлердин эч кимиси добуш берүүгө катышкандардын санынын элүү пайызынан жогору добуш албаса, анда шайлоо өткөн жок деп эсептелет.
35. Эгерде жалпы жыйналышта добуш берүү үч жана андан ашык талапкердин катышуусунда өткөрүлсө жана талапкерлердин эч кимиси добуш берүүгө катышкандардын санынын элүү пайызынан жогору добуш алышпаса, анда кайра добуш берүү өткөрүлөт, ага эң көп сандагы добуш алышкан эки талапкер катышат. Кайрадан добуш берүү танаписи жок, ошол эле жалпы жыйналышта өткөрүлөт.
36. Добуш берүүнүн жыйынтыгы шайлоо өткөн күнү жамааттын жалпы жыйналышында жарыяланат.

**Баштапкы кесиптик бирлик уюмунун укуктары**

Баштапкы кесиптик бирлик уюму (факультеттерде, коллеждерде жана лицейлерде, тейлөө бөлүмдөрүндөгү профбюролордун төрагалары/ төрайымдары) укуктуу:

- кесиптик бирликке мүчөлөрдү кабыл алууга жана андан чыгарууга;
- өздөрүнүн өкүлдөрүн кесиптик бирликтин ОшМУнун бириккен кесиптик бирлик уюмуна шайлоого (делегаттоого), аларды чакырып алууга жана алмаштырууга;
- кесиптик бирликтин ОшМУнун бириккен профсоюздук уюмуна сунуштарды жана иш кагаздарынын долбоорлорун сунуштоого, алардын каралышынын жыйынтыктары тууралуу маалыматтарды алууга;
- кесиптик бирлик мүчөлөрүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча ОшМУнун бириккен кесиптик бирлигине кайрылууга;
- кызматкерлердин кызыкчылыктарын жамааттык сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүдө, өзгөртүүдө, алардын аткарылышына көзөмөл кылууда, ошондой эле эмгектик талаш-тартыштарды кароого катышууга өкүлүн көрсөтүүгө;
- баштапкы кесиптик бирлик уюмунун ишмердиги жана кесиптик бирлик мүчөлөрүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо менен байланышкан талаш-тартыштарды чечүү үчүн мамлекеттик бийликтин тиешелүү органдарына жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарына кайрылууга;
- кесиптик бирлик уюмунун ишмердигине, анын ичинде тармактык макулдашууларды иштеп чыгуу жана түзүү боюнча иштерине сунуштарды берүүгө жана катышууга;
- ОшМУнун кесиптик бирлик уюмуна кеп-кеңештерди, жардамдарды жана колдоолорду, баштапкы кесиптик бирликтин өз ишмердиги үчүн зарыл маалыматтарды алуу жана таратуу үчүн кайрылууга;
- кесиптик бирлик мүчөлөрүн сыйлоо тууралуу сунуш киргизүүгө.

**Баштапкы кесиптик бирлик уюмунун милдеттери**

Баштапкы кесиптик бирлик уюму (факультеттерде, коллеждерде жана лицейлерде, тейлөө бөлүмдөрүндөгү профбюролордун төрагалары/төрайымдары) милдеттүү:

- Кыргыз Республикасынын билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Уставын жана Ош мамлекеттик университетинин кесиптик бирлиги жөнүндө ички Жобосунун чечимдерин аткарууга;
- кесиптик бирликтин максаттарын жана милдеттерин жүзөгө ашырууга катышууга, кесиптик бирлик мүчөлөрүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого;

- Ош мамлекеттик университетине жаңы кабыл алынган кызматкерлерди кесиптик бирликке мүчөлүккө кабыл алууга, кесиптик бирлик уюмунун мүчөлөрүнүн санагын жүргүзүүгө;

- кесиптик бирликтик мүчөлүк акылардын толук жана өз убагында кармалышына жана которулушуна көзөмөл жүргүзүүгө;

- Жамааттын алдында жыл сайын кесиптик бирлик мүчөлөрүнүн саны, башка статистикалык маалыматтар, каржылык отчетторун маалыматтарды берип туруuга;

- чогулуштарда жамааттын атынан сунуш кылынган маселелерди киргизүүгө;

**Факультеттерде, коллеждерде жана лицейлерде, тейлөө бөлүмдөрүндөгү баштапкы кесиптик бирликтин төрагаларын/төрайымдарын шайлоо тартиби**

37. Баштапкы кесиптик бирликтин төрагаларын/ төрайымдарынын ээлеген орду шайлануучу болуп эсептелет. Жалпы жамаатка конкурстук негизде кесиптик бирлик мүчөлөрүнүн чогулушунда (конференцияда) жабык (бюллетень аркылуу) добуш менен 5 (беш) жылдык мөөнөткө шайланат.
38. Профбюролордун төрагалары/төрайымдары эки мөөнөттөн ашык шайлана албайт.
39. Баштапкы кесиптик бирликтин төрагаларын/ төрайымдарын шайлоо жамааттын жалпы жыйынында шайланат жана ага мүчөлөрүнүн жарымынан көбү катышса шайлоо өттү деп эсептелет деп эле киргизүү туура болмок.
40. Талапкерлердин аты-жөнү шайлоо бюллетендеринде алфавиттик тартипте жайгаштырылат.
41. Эгерде жалпы жыйналышта добуш берүү бир, же эки талапкер боюнча өткөрүлсө жана талапкерлердин эч кимиси добуш берүүгө катышкандардын санынын элүү пайызынан жогору добуш албаса, анда шайлоо өткөн жок деп эсептелет.
42. Эгерде жалпы жыйналышта добуш берүү үч жана андан ашык талапкердин катышуусунда өткөрүлсө жана талапкерлердин эч кимиси добуш берүүгө катышкандардын санынын элүү пайызынан жогору добуш алышпаса, анда кайра добуш берүү өткөрүлөт, ага эң көп сандагы добуш алышкан эки талапкер катышат. Кайрадан добуш берүү танаписи жок, ошол эле жалпы жыйналышта өткөрүлөт.
43. Добуш берүүнүн жыйынтыгы шайлоо өткөн күнү жамааттын жалпы жыйналышында жарыяланат.

**Ош мамлекеттик университетинин кесиптик бирлик уюмунун текшерүү комиссиясы жөнүндө**

44. Кесиптик бирлик уюмунун текшерүү комиссиясы – кесиптик бирликтин тиешелүү органы менен бир мезгилде чогулушта, конференцияда, съездде шайлана турган, иш мөөнөтү кесиптик бирлик органынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнө шайкеш келген өз алдынча орган болуп эсептелет.
45. Кесиптик бирлик уюмунун текшерүү комиссиясы КР билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Уставынын жана ОшМУнун кесиптик бирликтин ички Жобосунун сакталышына жана кесиптик бирлик уюмдарынын каржылык-чарбалык ишмердиктерине, кызматкерлердин сунуштарынын, арыздарынын жана кайрылууларынын иликтенип каралышына, айкындуулук жана демократия принциптеринин сакталышына көзөмөл жүргүзөт.
46. Кесиптик бирлик уюмунун текшерүү комиссиясы өз ишмердигинде КРнын билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Уставын жана ОшМУнун кесиптик бирликтин ички Жобосун жетекчиликке алат.
47. Кесиптик бирликтин текшерүү комиссиясы тиешелүү кесиптик бирлик органы (комитети) менен бир мезгилде, кесиптик бирлик органы чогулушта, конференцияда, съездде өзүнүн ишмердиги тууралуу отчет берип жаткан мөөнөттө отчет берет жана ошондой эле тартипте жаңы (жана) мөөнөткө шайланат.
48. Кесиптик бирлик уюмунун текшерүү комиссиясынын сандык тутуму чогулуш, конференция, съезд тарабынан бекитилет.

49. Кесиптик бирлик уюмунун текшерүү комиссиясынын төрагасы тиешелүү текшерүү комиссияларынын жыйындарында шайланат.
50. Текшерүү комиссиясынын мүчөсү бир эле мезгилде кесиптик бирлик уюмунун дайыма аракеттенип жаткан шайлануучу коллегиалдуу органынын (пленум, президиум, кесиптик бирлик органынын мүчөсү боло албайт.
51. Текшерүү комиссиясынын мүчөлөрү тиешелүү кесиптик бирлик органдарынын пленумдарынын, ал эми текшерүү комиссиясынын төрагалары президиумдардын жыйындарына, же кесиптик бирлик органдарынын чогулуштарына катыша алышат.
52.Текшерүү комиссиясынын мүчөлөрүн тутумдан чыгаруу тууралуу маселе КР билим берүү жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Уставында каралган негизде жүргүзүлөт (50-пункт).

53.Текшерүү комиссиясы бир жылга түзүлгөн жана тиешелүү кесиптик бирлик органы менен макулдашылган планга ылайык иш алып барат.

## Текшерүү комиссиясынын ишинин мазмуну

Текшерүү комиссиясы текшерет:

- кесиптик бирликтин бюджетинин аткарылышын: мүчөлүк акылардын толук жана өз убагында төлөнүшүн, кесиптик бирликтин чогулушу бекиткен смета боюнча башка булактардан каражаттардын келип түшүүлөрүн, маданий-массалык жана ден соолукту чыңдоо иштерине, кесиптик бирликтин мүчөлөрүнө жардам берүүгө жана кесиптик бирликтин активин сыйлоого, акы төлөнүүчү аппаратты кармоого жана башка чыгымдарга чыгымдардын мыйзамдуулугун жана максатка ылайыктуулугун, акча каражаттарынын материалдык баалуулуктардын сакталышын жана алардын пайдаланылышын;

- социалдык камсыздандыруу бюджетинин аткарылышын: жолдомолор үчүн келип түшүүлөр жана башка кирешелер; эмгекке жарамсыздык баракчалары жана сөөк коюуга жөлөкпулдардын толтурулушунун жана төлөнүшүнүн тууралыгын; жолдомолордун эсеп-кысабын, бөлүштүрүлүшүн, берилишин жана пайдаланылышын;

- бухгалтердик эсеп-кысаптын жүргүзүлүшүнүн тууралыгын жана кесиптик бирлик бюджетинин каражаттары жана жолдомолор боюнча отчеттуулуктун аныктыгын;

- кесиптик бирлик тейлөөсүндө турган кесиптик бирлик уюмдарынын жардам көрсөтүү боюнча ишмердиктерин жана көзөмөлдүк-текшерүүчүлүк иштеринин абалын;

- иш кагаздарынын жүргүзүлүшүн, кесиптик бирликке кабыл алуу жана кесиптик бирлик мүчөлөрүнүн эсеп-кысабын жүргүзүү тартиптеринин сакталышын, кайрылууларынын жана арыздарынын өз убагында жана туура каралышын, чогулуштарда, конференцияларда, пленумдарда жана съезддерде айтылган сын-пикирлердин жана сунуштардын аткарылышын.
- текшерүү комиссиясы тиешелүү кесиптик бирлик уюмуна, ага баш ийген санаторийлердин жана профилакторийлердин каржылык-чарбалык ишмердиктерине текшерүү жана көзөмөлдөө жүргүзөт.

## Текшерүү комиссияларынын укуктары жана милдеттери

Текшерүү комиссиясы укуктуу:
- текшерүүлөрдү жана көзөмөлдөөлөрдү жүргүзүүдө бухгалтердик, каржылык жана башка иш кагаздарынын түп нускаларын талап кылууга;
- материалдык-жооптуу адамдардын акча каражаттарынын жана материалдык баалуулуктарынын накта калдыктарын жана алардын сакталышын камсыз кылууну текшерүүгө;
- кредиттик уюмдардан учурдагы эсеп-кысапта канча каражаттын бар экендиги тууралуу маалымат, текшерилип жаткан органдын кызматкерлеринен каржылык тартип бузуулардын аныкталган, ичип-жеген жана жетпей калган учурлары боюнча түшүнүк каттарды алууга, текшерилип жаткан органдын эсептешүүлөрү боюнча аныктамаларды сурап алууга;

- текшерүүлөрдү жана көзөмөлдөөлөрдү жүргүзүүгө кесиптик бирлик активин, ошондой эле тиешелүү кесиптик бирлик органынын аппаратынын кызматкерлерин тартууга.

**Текшерүү комиссиясы милдеттүү:**

- текшерүүлөрдү жана көзөмөлдөөлөрдү сапаттуу жүргүзүүгө, текшерилип жаткан органга аныкталган тартип бузууларды жана кемчиликтерди четтетүү боюнча сунуштарды иштеп чыгууга жана киргизүүгө, алардын аткарылышына көзөмөлдүк кылууга;
- акча каражаттарынан жана материалдык баалуулуктардан жок кылуу, уурдоо, жетпей калуу учурлары катталганда кесиптик бирлик комитеттеринен келтирилген чыгымдарды калыбына келтирүү боюнча чараларды көрүүнү талап кылууга;
- жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн жана көзөмөлдөөлөрдүн жыйынтыктары тууралуу ыкчам ачыктыкты камсыз кылууга, өз ишмердиги тууралуу конференцияларда, чогулуштарда, пленумдарда отчет берип турууга.

### Текшерүү комиссияларынын иштөө тартиби

- Текшерүү комиссиясы өзүнүн бекитилген жылдык планы боюнча иштейт, жылдык пландын бир нускасы тиешелүү кесиптик бирлик комитетине маалымат үчүн жиберилет. Зарыл болгон учурларда комиссия пландан тышкаркы текшерүүлөрдү жана көзөмөлдөөлөрдү жүргүзөт.
- Текшерүүлөр ошондой эле отчеттук-шайлоо чогулуштарынын, конференциялардын жана съезддердин алдында, анан дагы кесиптик бирлик уюмунун төрагасы алмашкан учурда кесиптик бирлик уюмунун жаңыдан шайланган төрагасына иш кагаздарын жана акча каражаттарын өткөрүп берүү үчүн жүргүзүлөт, булар тууралуу кесиптик бирлик тарабынан бекитилген иш кагаздардын номенклатурасына ылайык иш кагаздарын өткөрүп берүү жана өткөрүп алуу актысы түзүлөт.
- Текшерүүлөрдүн жана көзөмөлдөөлөрдүн иш кагаздары тиешелүү актылар жана тастыктамалар менен толтурулат жана беш жылдан кем эмес мөөнөткө сакталат.
- Текшерүү комиссиясынын сунуштары милдеттүү болуп саналат жана комиссиянын сунуштары белгилеген мөөнөттө аткарылууга жатат.
- Текшерүү комиссиясы менен кесиптик бирликтин шайланган коллегиалдуу органынын ортосундагы пикир келишпестиктер чогулуш (конференция) же кесиптик бирликтин шайланган жогорку коллегиалдуу органы тарабынан жөнгө салынат, иликтенип каралат же чечилет.
- ОшМУнун бухгалтериясы кесиптик бирликке мүчөлүк акыларды которууну үч айдан ашык убакытта аткарбаган шартта текшерүү комиссиясы Билим жана илим кызматкерлеринин Ош областтык профсоюз комитетине сунуштарды киргизет.
- Текшерүү комиссияларынын мүчөлөрү активдүү иштери жана текшерүүлөрдү жана көзөмөлдөөлөрдү жогорку сапатта жүргүзгөндүктөрү үчүн кесиптик бирликтин уюму тарабынан бекитилген тартипте сыйланышы мүмкүн.